кырг
83.8
Б 17

Айнагүл Базарбаева

# ПАХТА ЖАНА ЧИГИТ



Кырг
83.8
Б17

Айнагүл Базарбаева

# ПАХТА ЖАНА ЧИГИТ



*Сүрөтчү*
Нурланбек Токтали уулу

им. К. Баялинова
БАЛАЛЫК

Бишкек 2023

УДК 821.51-93
ББК 83.84
Б 17

Б17 Базарбаева Айнагүл
«Пахта жана чигит» / Сүрөтчү Н. Токтали уулу. –
Б.: «Глобал Принт», 2023. – 12 б.

ISBN 978-9967-9422-8-8

Copyright © 2023. Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0
эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/)
боюнча лицензияланган.

Бул китеп USAIDдин «Окуу керемет!» долбоорунун алкагында окуу материалдарын классификациялоо боюнча эксперттик топтун мүчөлөрү Б. А. Абдухамидова, К. Р. Акматова, Н. Т. Кабылбаева, Ж. А. Каримова, А. Ж. Муратов, Р. К. Султангазиева, А. Д. Токтомаметов, Б. Б. Топоева-Ставинскаянын катышуусу менен иштелип чыкты.

ISBN 978-9967-9422-8-8

УДК 821.51-93
ББК 83.84

РБДЮ им. К. Баялинова
ИНВ № 36923 б/р

Created with Bloom

Балдар, силер пахта жана чигит эмне экенин билесиңерби? Мен деле билчү эмесмин. Бир жолу карындашым Айгүл экөөбүз апамды ээрчип, пахта талаасына бардык. Бажырайып ачылган ак пахталарга кызыгып, чанактарынан чыгарып, чубап ойноп жаттык.



– Кечээ күн аябай ысыды. Пахтанын чанактары бир топ катуу болуп калгандыр. Колуңарды тыттырып албагыла, – деди апам.

– Макул, – дедик жарыша.

Апам ачылган ак пахталарга, талаага суктана карап алды.

– Апа, мынча көп пахтаны адамдар эмне кылышат? – дедим.

– Пахтанын адамдарга пайдасы абдан көп. Кийген кийимдерибиз, башка буюмдардын көбү пахтадан жасалып жатпайбы!

Апам чанактагы пахтаны сууруп, тытып, ичиндеги данегин санады.

– Мына, чигити эле отуздай бар экен. Түшүм жакшы!

– Чигит деген эмне?



– Балдарым, чигит – пахтанын уругу, данеги десек да болот, – деп, апам пахтанын ичинен алган сүйрү тоголок нерсени көрсөттү.

– Апа, пахтанын чигити кайда кетет? Же таштандыга ыргытышабы? – деди Айгүл.

– Андан пахта майын чыгарат. Майын тамак-ашка эле эмес, биз жуунуп жүргөн самынга, бет майларга, таттууларга да кошот. Чигиттин калдыгы малга жем болот.



– Апа, пахтанын майын чыгарып көргөнсүзбү?

– Жок, балам. Пахта тазалоочу, чигитин ажыратып, май чыгаруучу атайын заводдор, ишканалар бар.

Апам ал күнү аябай көп пахта терди. Биз болсо пахтанын өсүп жатканын өз көзүбүз менен көрдүк. Пахтанын пайдалуулугун, чигит эмне экенин билип кайттык.



– Жакшы уктагыла! Мобул шейшептердин кездемеси пахтадан, – деди апам шейшептерди алмаштырып жатып.

Таза, жумшак шейшептерди жамынуу кандай гана жагымдуу!





Биз уйкудан турганда, апам тигүүчү машинесинин жанында бир нерсе тигип отуруптур.

Атам:

– Балдарым, апаңар силерге белек даярдады. Ал эми мен пахтанын майына даамдуу тамак жасадым, – деп дасторконго чакырды.

Чай ичип бүтөр мезгилде ата-энебиз бизди аябай кубантты.

Атам:

– Шаарга эс алууга барабыз! – деди.

Айгүл экөөбүз кубанганыбыздан так секирдик. Апам болсо:

– Балдарым, көңүлүмдү көтөрүп, пахта талаасында жакшы жардам бердиңер! – деп тигүүчү машинесинин алдынан баштык көтөрүп келди.




– Мына, бул көйнөктөрдү силерге тиктим. Кездемеси пахтадан, – деди.

Биз кубанып, апама ырахмат айттык.

Ошентип, бүгүн пахтадан токулган кездемеден тигилген жаңы көйнөктөрүбүздү кийип, шаарга жөнөдүк.

86,20

РБДЮ
36923 б/ф



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

*Автор*
Айнагүл Базарбаева

*Сүрөтчү*
Нурланбек Токтали уулу

1-класс – 1.1 деңгээли, 1.2 деңгээли, 1.3 деңгээли

2-класс – 2.1 деңгээли, 2.2 деңгээли

3-класс – 3.1 деңгээли, 3.2 деңгээли

4-класс – 4.1 деңгээли, 4.2 деңгээли

Бул жана башка электрондук китептерди QR-код аркылуу окусаңыз болот.

Басууга 18.10.2023-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 70x100 1/16.
Көлөмү 0,75 басма табак.
Нускасы 4705 даана.
ЖЧК «Глобал Принт» басмаканасында басылды.